DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2022

***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***

***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***HISTORICAL SCIENCES***

*Абдыразакова З.М.*

# КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ КЫРГЫЗСТАНДЫН ЕВРОПА БИРЛИГИ МЕНЕН БОЛГОН ЖАҢЫ МАМИЛЕЛЕРИ

*Абдыразакова З.М.*

# НОВЕЙШИЕ ОТНОШЕНИЯ НЕЗАВИСИМОГО КЫРГЫЗСТАНА С ЕВРОПЕЙСКИМ СОЮЗОМ

*Z. Abdyrazakova*

# NEW RELATIONS WITH INDEPENDENT KYRGYZSTAN WITH THE EUROPEAN UNION

*УДК: 947.1(575.2)(043.3)*

*Макалада Европа биримдиги жана Эгемендүү Кыргызстандын ортосундагы соңку мезгилдеги ар тараптуу өнөктөштүк жана кызматташтык мамилелери изилдөөгө алынды. 1991-жылы Советтер союзунун жоюлушу дүйнөлүк саясий картада 15 жаңы мамлекеттин пайда болушуна алып келди. Алардын бешөөсү Евразия материгинин чордону болуп эсептелинген Борбордук Азияда жайгашкан (Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан). Бул мамлекеттер Улуу Жибек жолунда жайгашып, эң ири соода жолдорун өзүнө камтып, Европаны Чыгыш менен соода жүргүзүү аркылуу гана байланыштырбастан, билим алуу, маданий, экономикалык, социалдык байланыштарды калыптандырууда жана байытууда да чоң роль ойноп келген. Белгилүү бир мезгилдерде адамзаттын тарыхында бир катар маданияттардын, элдердин калыптануусунда өтө чоң ролду ойногон. Борбордук Азия аймагын убакыттын өтүшү менен кайрадан сырткы байланыштарды калыбына келтирүүдө. Ага мисал катары Европа биримдиги менен өнөктөштүк жана кызматташтык мамилелердин түзүлүшүн жана кеңейишин айтса болот. Борбордук Азиянын жаңы көз карандысыз республикалары Европа биримдигине кирген мамлекеттердин ааламдык кызыкчылыктарында маанилүү орунду ээлешинин негизги себеби болуп, андагы табигый жана энергоресурстардын, мунай жана газдын ири өлчөмдөгү запасынын болушу, аймактын ыңгайлуу географиялык абалы ж.б. Кыргызстандын Европа биримдигине кирген мамлекеттер менен тышкы саясий мамилелеринин калыптануусун жана өнүгүүсүн изилдөө азыркы күндүн актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат. Акыркы мезгилдерде күч алган COVID-19 пандемиясы дүйнөлүк экономикалык каатчылыкты жаратты,анын ичинде Кыргызстанга, Европа биримдиги биздин өлкөнү да көз жаздымда калтырбастан, экономикалык-социалдык колдоолорду байма-бай көрсөтүп келүүдө.*

***Негизги сөздөр:*** *интеграция, процесс, цивилизация, валюта, стратегия, геосаясий, держава, баланс, индикатор, реформа, матрица, транш.*

*В статье исследуется новейшее всестороннее партнерство и сотрудничество между Европейским Союзом и независимым Кыргызстаном. Распад Советского Союза в 1991 году привел к появлению на политической карте мира 15 новых государств. Пять из них расположены в Центральной Азии, центре Евразийского континента (Казахстан, Кыргызстан, Узбекистан, Таджикистан, Туркменистан). Эти страны расположены на Великом шелковом пути и включают в себя крупнейшие торговые пути, соединяющие Европу с Востоком не только посредством торговли, но и играющие важную роль в формировании и обогащении образовательных, культурных, экономических и социальных связей. В свое время в истории человечества она сыграла значительную роль в формировании культур и народов. Со временем Центральная Азия восстанавливает внешние связи. Примером этого является установление и расширение партнерства и сотрудничества с Европейским Союзом. Основной причиной того, что новые независимые республики Центральной Азии играют важную роль в глобальных интересах государств-членов ЕС, является наличие больших запасов природных и энергетических ресурсов, нефти и газа, выгодное географическое положение региона и др. Одним из наиболее актуальных вопросов на сегодняшний день является изучение становления и развития внешнеполитического курса Кыргызстана с Европейским Союзом. Недавнее усиление пандемии COVID-19 вызвало глобальный экономический кризис, в Кыргызстане, и Европейский Союз последовательно оказывает экономическую и социальную поддержку, не оставляя без внимания и нашу страну.*

***Ключевые слова:*** *интеграция, процесс, цивилизация, валюта, стратегия, геополитика, держава, баланс, индикатор, реформа, матрица, транш.*

*The article explores the latest comprehensive partnership and cooperation between the European Union and independent Kyrgyzstan. The collapse of the Soviet Union in 1991 led to the appearance of 15 new states on the political map of the world. Five of them are located in Central Asia, the center of the Eurasian continent (Kazakhstan, Kyrgyzstan, Uzbekistan, Tajikistan, Turkmenistan). These countries are located on the Great Silk Road and include the largest trade routes connecting Europe with the East not only through trade, but also playing an important role in the formation and enrichment of educational, cultural, economic and social ties. At one time in the history of mankind, it played a significant role in the formation of cultures and peoples. Over time, Central Asia is restoring external ties. An example of this is the establishment and expansion of partnership and cooperation with the European Union. The main reason that the newly independent republics of Central Asia play an important role in the global interests of the EU member states is the presence of large reserves of natural and energy resources, oil and gas, the favorable geographical position of the region, etc. One of the most pressing issues today is the study of the formation and development of the foreign policy of Kyrgyzstan with the European Union. The recent intensification of the COVID-19 pandemic has caused a global economic crisis in Kyrgyzstan, and the European Union has consistently provided economic and social support, not leaving our country without attention.*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



***Key words:*** *integration, process, civilization, currency, strategy, geopolitics, state, balance, indicator, reform, matrix, tranche.*

Европа өлкөлөрүнүн аймактык саясий жана экономикалык бирикмеси (1993-ж. чейин Европа биримдиги). Европанын 27 өлкөсү кирген (2007). (Улуу Британия, 1-февраль 2021-жылы Европа биримдиги мүчөлүгүн токтотту). Биримдикке кирген өлкөлөрдүн ортосунда чек жок болуп, бир паспорт колдонулат. 1999-жылдан баштап өз валютасына ээ - Евро.

Австрия, Белгия, Болгария, Венгрия, Германия, Греция, Дания, Ирландия, Испания, Италия, Кипр, Литва, Люксембург, Мальта, Нидарланд, Польша, Португалия, Румыния, Славакия, Улуу Британия, (01.02.2021 уюмдагы мүчөлүгүн токтотту), Финляндия, Франция, Чехия, Швеция, Эстония.

Европа биримдиги (ЕБ) Европа экономикалык биримдигинин 1957-жылы Рим келишимдеринин негизинде түзүлгөн. ЕЭБ же «Жалпы рынок» жана атом энергиясы боюнча ЕБдин (1957-жылы негизделген) негизиде түзүлгөн. ЕБдин негизги максаттары Европа бирдиктүү актынын (1987-ж.), Маастрихт (1992), Амстердам (1997) жана Ницца (2003) келишимдеринде (2007). ЕБдин бул келишимдерди алмаштырууга багыталган ЕБдин конституциясы иштелип чыккан, бирок ал биримдикке мүчө бардык өлкөлөр тарабынан (ратификациялангандан кийин гана күчүнө кирет) аныкталган: бирдиктүү Европалык жарандыкты киргизүү, эркиндик, коопсуздук жана мыйзамдуулукту камсыз кылуу; экономикалык жана социалдык прогресске көмөктөшүү; Европанын дүйнөдөгү ролун бекемдөө. 1999-жылдан ЕБдин 12 өлкөсүндө бирдиктүү валюта – Еврону пайдалануу (еврозонага өтүү) киргизилген, ЕБдин көпчүлүк мүчөлөрү бирдиктүү виза эрежелерин камтыган Шенген зонасына киришет. Расмий тилдери: англис, грек, испан, италиян, немис, нидерланд, португал, финн, фламанд, француз, швед тилдери. ЕБдин желеги (1986), (гимни Людвик Ван Бетховендин «Кубаныч одасы») кабыл алынган [1].

ЕБ түзүлгөндөн баштап, ушул күнгө чейин өзүнүн ишин активдүү деңгээлде жүргүзүп келет.

Кыргызстан эгемендүүлүкө ээ болгондон тарта (1991) дүйнөлүк саясий картадан өз алдынча мамлекет катары өз ордун таба алды. Ошол күндөн баштап, акырындык менен сырткы байланыштарын калыбына келтирүүгө аракет жасай баштаган. Ага мисал катары ЕБ менен өнөктөштүк жана кызматаштык мамилелеринин түзүлүшүн айтса болот.

Кыргыз Республикасынын ЕБне кирген мамлекеттер менен соңку мезгилдеги тышкы саясий, маданий, экономикалык, социалдык мамилеринин өнүгүүсүн изилдөө зарылдыкты талап кылат.

ЕБ жана КР өнөктөш мамилелерди түзгөндөн бери жылдан жылга кызматташтыгы жана өз ара аракеттешүү чөйрөлөрү бекемделип келе жатат. 2014-2020-жж. аралыгында ЕБги Кыргызстанга жалпы суммасы 263 млн. евро колдоо көрсөттү. ЕБ туруктуу өнүгүүнү, билим берүүнү, мыйзам үстөмдүгүн, элет жергелерин комплекстүү өнүктүрүүгө жана тейлөөнүн базалык инфраструктурасын өнүктүрүүгө, чакан жана орто ишканаларды колдоого басым жасап келет [2].

Билим берүү секторуна 7,4 млн евро өлчөмүндөгү траншы ЕБги 2019-2021-жж. Кыргызстандын билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын колдоо үчүн акыркы 32 млн евро бөлгөн, калган каражат 2020-жылдары которулган.

Бул стратегиянын алкагында билим берүүнү башкаруу маалымат системасы түзүлгөн, билим берүүнүн, окуучуларды баалоо системасынын сапатын жогорулатуу боюнча чаралар каралган мамлекеттик каражатты башкаруу жакшыртылган. Финансы министрлигинин планында акыркы транштын каражатын билим берүүнүн сапатын мындан ары да жогорулатууга, китептерди сатып алууга, бардык мектептерди интернет менен камсыз кылууга жумшалган.

Ал эми санариптештирүү чөйрөсү тууралуу 12 млн евро өлчөмүндөгү транш – 2020-2023-жж. Кыргызстандын санарип трансформациясынын жол картасынын бюджеттик колдоо боюнча ЕБ программасынын бөлүгү. Бул программанын максаты парктагы санариптик көндүмдөрдүн инновациялык борборунун ишин колдоо, калкка электрондук кызматтарды көрсөтүү үчүн өлкөнүн бардык аймактарында Санарип Аймак - Цифровой Аймак системасын активдештирүү, өлкөнүн киберкоопсуздугун жогорулатуу, же маалыматтарды коргоону жаңыдан түзүлгөн жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттик аркылуу касыз кылуу. Бул транштан түшкөн каражаттар программалык камсыздоону иштеп чыгууга жана тармактык министрликтерде маалымат базарларын тейлөөгө, ошондой эле бүткүл өлкөнү санариптик экономиканы өнүктүрүүгө жумшалат.

«Санариптик трансформация жана барына жеткиликтүү билим берүү системасы Кыргызстандын өкмөтү менен ЕБдин ортосундагы кызматташтыктын негизги артыкчылыктары болуп саналат. Бул секторлорго жардам берүү ЕБдин биздин республиканын өнүгүүсүн колдоо боюнча жактоочулугун чагылдырат» - деп ЕБдин элчиси Эдуард Ауэр белгиледи. Башкаруу жана санариптештирүү, адамдык өнүгүү, жашыл экономика - үч чөйрөгө багытталган жаңы 4 жылдык колдоо программасы аркылуу ЕБги КРнын бул багыттарды колдоону улантат. 2018-ж. 10-октябрында Кыргызстан менен ЕБги жана «БУУнун Аялдар» түзүлүшү Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитети менен биргеликте мектепке чейинки билим берүүнү камсыз кылуу инвестицияларына жана анын Кыргызстандагы салыктык кирешелердин, жумуш орундардын өсүшүнө жана гендердик теңчиликке болгон таасирине баа берүү максатында изилдөө башталган [3].

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин маалыматы боюнча, Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүү менен камтуу 2012-ж. салыштырганда 8%га көбөйүп, 2018-жылы 24%га жогорулаган. Азыркы учурда болжол менен 187 миң бала 1390 бала бакчага барат, анын ичинен 1248 мамлекеттик жана муниципиалдык бала бакчалар болуп, 142 жеке менчик бала бакчалары иштешет. Ошол эле учурда балдардын төрөлүү санынын өсүшү мектепке чейинки билим берүү жана мектепке даярдоого муктаж болгон балдардын санынын өсүшүнө алып келет. Буга чейин, эгерде 2012-жылы 2 жаштан 6 жашка чейинки балдардын саны 625961 баланы түзсө, 2017-ж. балдардын саны 768299 балага жеткен [4].

Изилдөө Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюму жана Финляндиянын ден-соолук, социалдык камсыздоо улуттук инистуту менен биргеликте ишке ашырылган туруктуу жана ар тараптуу социалдык коргоо системаларын түзүү боюнча Кыргызстандагы ЕБнин өкүлчүлүгү тарабынан өткөрүлүп жаткан глобалдык долбоордун бир бөлүгү катары 2018-жылдын октябрь айынан декабрь айына чейин ишке ашырылган. Аталган изилдөө 2017-жылы пилоттук долбоор катары Түштүк Африка Республикасында, Уругвай жана Түркия мамлекеттеринде ийгиликтүү түрдө өткөн.

«Баланын өмүрүнүн алгачкы жылдарындагы инвестициялары – бул мамлекет тарабынан эң натыйжалуу капиталдык салымдар болуп саналат. Экономикалык моделдөө аркылуу бул изилдөө мектепке чейинки жаштагы балдарды толук камтуу үчүн инвестициялардын үч болжолдуу сценарийлерин жана анын КРнын экономикалык кандай таасир берүү жагдайларына байкоо жүргүзөт» дейт Кыргызстандагы ЕБнын өкүлчүлүгүнүн башчысы Шарлотт Адриэн.

Кыргызстандагы «БУУнун Аялдар» түзүмүнүн өкүлү Геральд Гюнтер белгилеп кеткендей: «мектепке чейинки билим берүү тармагындагы жалпыга жеткиликтүү жогоркуу сапаттуу кызмат көрсөтүүнү камсыздоо 2030-жылга чейинки мезгилге карата туруктуу өнүктүрүү боюнча күн тартибинде каалаган максаттарына жетүүсүн тездетет. Мектепке чейинки билим берүү өлкөдөгү бир топ сапаттуу жана жогорку акы төлөнүүчү жумуш орундардын өсүшүнө алып келгени менен эмгек миграциясына альтернатива бар экендигин билдирет».

Европа комиссиясынын вице-президенти Валдис Домбровскис ЕБ менен Кыргызстандын ортосунда соода, инвестиция, жашыл экономика, санариптештирүү чөйрөсүндө кызматташтыкты өнүктүрүүгө жогорку мүнкүнчүлүк бар экенедигин белгиледи [5].

2021-жылдын 5-ноябрында «Европа биримдиги - Бобор Азия» биринчи экономикалык форум өтүп, форумда COVID-19 пандемиясынын кесепетинен келип чыккан социалдык-экономикалык каатчылыктан чыгуунун чараларын иштеп чыгуу маселеси талкууланган. Ага Борбор Азия өлкөлөрүнүн өкмөт өкүлдөрү катышкан (TSH)

ЕБги COVID-19 коронавирус илдети менен күрөшкө каршы жооп катары Кыргызстанды колдоо үчүн 36 млн евродон ашык акча бөлгөн. Бул каражат саламаттык сактоо системасын колдоого жана анын потенциалын жогорулатууга, кризис маалында башкарууга, макрофинансылык туруктуулукка, социалдык коргоого, азык түлүк коопсуздугун жана жеке тармакты колдоого багытталган.

Юнисеф COVID-19 пандемиясы менен күрөштө КРнын өкүмөтүнө мындан ары да колдоо көрсөтүүнү улантып жатат. ЮНИСЕФ ар бир аялдын, баланын жана үй-бүлөөнүн жалпы бакубаттыгын колдоо менен, илдетке каршы күрөштө алдыңкы катарда иштеп жаткандарды колдоо үчүн дарыларды берген. Дарылар «Кыргызстанда COVID-19 туруктуу алдын алуу жана аны менен күрөшүү үчүн саламттык сактоо, суу менен жабдуу жана санитария жаатындагы чукул реакцияны күчөтүү» долбоорунун алкагында берилип келген. Аталган долбоорду ECHO, Европа комиссиясынын жардамдык коргонуу жана гуманитардык жардам маселелери боюнча башкы Директораты каржылаган. Долбоордун жалпы суммасы: 298551 еврону түзгөн.

Долбоордун башка бир маанилүү компоненти – илдетти алдын алуу жана көзөмөлдөө (ИАК) чараларын иштеп чыгып, киргизүү: өлкөнүн 187 ооруканасында иштеген 1500 медициналык кызматкер үчүн ИАК боюнча методук жардам көрсөтүү жана окутуу пландалган. Тандалып алынган медициналык мекемелер да ИАК чараларын жакшыртуу үчүн аспаптар жана материалдар менен жабдылган.

ЮНИСЕФ «Сакта» улуттук маалыматтык өнөктүгүнүн алкагында өз иши аркылуу бул долбоорго салым кошкон. «Сакта» өнөктүгү COVID-19 коронавирус илдети тууралуу маалыматты таратууга, анын андан ары жайылышын болтурбоого багытталган.

2020-жылы июль айында ЕБ Кыргызстанга COVID-19 таасирин жеңилдетүү максатында грант түрүндө 24,8 млн евро бөлгөн. ЕБтин жардамы үч багыт боюнча көрсөтүлгөн. Кыргызстандын улуттук бюджети туруктуу өнүгүү максатында, оор шартта мамлекеттин туруктулугун сактап калууга багытталган жардам болгон.

2020-жылдын 18-ноябрында КРнын саламаттык сактоо министрлиги COVID-19 коронавирустук инфекциясы менен ооруган бейтаптарды дарылоо үчүн 100000 АКШ долларын дары-дармектерди, анын ичинде гепарин жана антибиотиктерди алып берген. Бул дары каражаттарынын ЕБнин финасылык колдоосу алдында ЮНИСЕФ сатып алган.

Бул дарылар COVID-19га каршы туруу, негизги даары каражаттарынын тартыштыгын болтурбоо мак-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



сатында КРнын тышкы иштер министрлигинин өтүнмөсүнө жооп катары алынган. КР саламаттык сактоо министрлиги өлкө үчүн эң зарыл дары каражаттарынын тизмесин бекиткен. Бул тизме COVID-19 ооруган бейтаптарды дарылоо үчүн улуттук клиникалык протоколго ылайык түзүлгөн.

2021-жылдын 4-июнунда КРсы – ЕБги кызматташтык кеңешинин 18-жыйыны видеоконференция байланышы аркылуу өткөн. Кыргыз тарабын КРнын тышкы иштер министри Руслан Казакбаев, ал эми Европа тарабын Португалия Республикасынын тышкы иштер министри, учурда ЕБне төрагалык кылып жаткан Аугушто Сантуш Силва жетектеген.

Кыргызстан менен ЕБдин ортоснудагы эки тараптык кызматташтык маселелери, анын ичинде COVID-19 пандемиясынын контекстинде ишенимдүү шартта талкууланган. Жогорку жана эң жогорку деңгээлдеги саясий байланыштарга, ошондой КР менен ЕБ ортосундагы кеңейтилген өнөктөштүк жана кызматташтык жөнүндө макулдашууга кол коюуга көңүл бурулган [6].

Соода-экономикалык байланыштарды өнүктүрүү, аймактык коопсуздук, анын ичинде Афганистандагы тынчтык процесси, терроризм, экстремизм жана бангизаттарынын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө каршы күрөшүү маселелери өзүнчө талкууланган. Тараптар чек-араны башкаруу маселелери, кыргыз-тажик чек арасындагы окуялар жана Кумтөрдөгү экологиялык кырдаал боюнча пикир алышышкан.

Видеоконференц байланышта, ошондой эле мыйзамдын үстөмдүгү, демократиялык процесстер, жарандык эркиндик, адам укуктары, КР мамлекеттик секторун реформалоо, экология жана курчап турган чөйрөнү коргоо, экономикалык реформалар, сот реформасын ишке ашыруу, КРнын 2021-жылы Жогорку Кеңешине шайлоо жана коррупция менен күрөшүү маселелери талкууланган.

Министр Р.Казакбаев Европа тарабына Кыргызстанга көрсөткөн саясий колдоосу жана долбоордук жана программалык жардамы үчүн ыраазычылык билдирген.

**Адабияттар:**


1. «Кыргызстан» Улуттук энциклопедия: 1-том. Башкы ред. Асанов Ү.А. - Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2006. ISBN 9967-14-046-1.
2. Абдыразакова З.М. Эгемендүү Кыргызстандын Европа Биримдигине кирген мамлекеттер менен өз ара байланышынын калыптанышы жана өнүгүшү. - Б., 2012.
3. Паромонов В., Строков А., Абдуганиева З. Влияние Европейского Союза на Центральную Азию: обзор, анализ и прогноз. - Алматы, 2017. - Май. - 41-56-ст.
4. https://edu.gov.kg / post /434/ сайтынан алынды.
5. https://erkintoo.kg. сайтынан алынды.
6. https://www.eeas.europa.eu. сайтынан алынды.
7. Абдыразакова З.М. Кыргыз-герман мамилеләринин калыптанышынын кээ бир аспектилери. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2012. №. 1. - С. 196-198.
8. Абдыразакова З.М. В сфере глобальных интересов Европейского союза в центральной азии. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2012. №. 1. С. 249-251.
9. Абдыразакова З.М. Кыргызско-британские экономические и культурно-гуманитарные связи. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2009. №. 7. С. 173-176